**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САНАРИПТИК ӨНҮКТҮРҮҮ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ЦИФРОВОГО РАЗВИТИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

________________________ №_________

Бишкек ш.

**Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы № 137 «2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө» Жарлыгы менен бекитилген 2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча (2025-2027-жылдардын орто мөөнөттүү мезгилине I этап үчүн) Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин Иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы № 137 «2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө» Жарлыгы менен бекитилген 2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планын (2025-2027-жылдардын орто мөөнөттүү мезгилине I этап үчүн) өз убагында жана сапаттуу аткаруу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 257 токтому менен Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги жөнүндө жобонун 16-пунктунун 19-пунктчасын жетекчиликке алуу менен **буйрук кылам:**

1. 2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны (2025-2027-жылдардын орто мөөнөтүү мезгилине I этап үчүн) ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин Иш-чаралар планы (мындан ары - Иш-чаралар планы) тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин (мындан ары – Министрлик) түзүмдүк, ведомстволук бөлүмдөрүнүн, ишканаларынын жана мекемелеринин жетекчилери:

- Иш-чаралар планын белгиленген мөөнөттө кынтыксыз аткарууну камсыз кылышсын;

**ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН**

- жарым жылдын жыйынтыгы боюнча, отчеттук мезгилден кийинки айдын 15инен кечиктирбестен, Иш-чаралар планын аткаруунун жүрүшү жөнүндө маалыматты Министрликтин инспекциялык иштер жана коррупцияны алдын алуу бөлүмүнө беришсин.

3. Министрликтин инспекциялык иштер жана коррупцияны алдын алуу бөлүмү жыл сайын, 1-февралына чейинки мөөнөттө Иш-чаралар планын ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө жалпыланган маалыматты Кыргыз Республикасынын коррупциянын алдын алуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органына берсин.

4. Иш-чаралар планынын сапаттуу жана өз убагында аткарылышы үчүн Министрликтин түзүмдүк, ведомстволук бөлүмдөрүнүн, ишканаларынын жана мекемелеринин жетекчилеринин жеке жоопкерчилиги белгиленсин.

5. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоону өзүмө калтырам.

**Министр** **Н.А. Кутнаева**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН



Кол койгон: Кутнаева Н.А., 01.08.2024